**Естественные науки**
***География***

**УДК: 911:314.7(575.2)**

***Базарова Г. Ы., Бусурманкулова А.О.***
*Ж.Баласагын атындагы КУУ / КНУ им.Ж.Баласагына*
***Bazarova G.I., Busurmankulova A.O.***
*J. Balasagyn KNU*

# Кыргызстандын калкынын санынын өсүшүнө миграциянын тийгизген таасири
# Влияние миграции на рост численности населения Кыргызстана
# Impact of migration on population growth in Kyrgyzstan

***Аннотация.*** *Бул макалада миграциялык процесстерге байланыштуу, Кыргызстандын калкынын санынын өзгөрүшү тууралуу маалыматтар берилет. Калктын саны негизинен табигый өсүштөн тышкары, миграциялык кыймыл менен байланыштуу азайып же көбөйүп турары белгилүү. Кыргызстандын аймагында жүз жылдан ашык убакыттан бери миграциялык процесстер жүрүп келе жатат, ошолордун натыйжасында республиканын калкы сан жагынан дагы, улуттук курамы боюнча дагы өзгөрүүгө душар болуп келген. Советтик доордо Кыргызстанга көчүп келүүлөр басымдулук кылса, республика эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин тескерисинче массалык түрдө көчүп кетүүлөр мүнөздүү болуп калган.*

***Аннотация.*** *В этой статье даются материалы о количественном изменении населения Кыргызстана в связи с миграционными процессами. Известно, что численность населения меняется либо в сторону уменьшения или увеличения в связи с миграционными движениями, кроме естественного прироста. На территории Кыргызстана миграционные процессы идут больше ста лет и за счет этого население республики меняется и в количественном отношении и по национальному составу. Если в Советское время преобладало прибытие населения в республику, то в годы независимости было характерно массовый отток населения.*

***Abstract.*** *The article provides materials on the quantitative change in the population with migration processes. It is known that the population size changes either in the direction of decrease or increase in connection with migration movements, except for natural increase. On the territory of Kyrgyzstan, migration processes have been going on for more than a hundred years. In Soviet times, the arrival of the population to the republic prevailed, then in the years of independence there was a massive outflow of the population.*

***Урунттуу сөздөр:*** *калктын саны, калктын табигый өсүшү, миграциялык процесстер, калктын улуттук курамы, калктын өсүү темпи, социалдык-экономикалык абал, демография, экономикалык кризис.*

***Ключевые слова:*** *количество населения, естественный прирост населения, миграционные процессы, национальный состав населения, темп прироста населения, социально-экономическое положение, демография, экономический кризис.*

***Keywords:*** *population size, natural population growth, migration processes, ethnic composition of the population, growth rate, socio-economic situation, demography, economic crisis.*

Кыргызстандын демографиялык өнүгүү процесси анын калкынын миграциясы менен байланыштуу. Кыргызстан узак жылдар бою Советтер Союзунан гана эмес,

дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн келген иммиграннттардын отурукташып жашап калган өлкөсү болуп келген. Өлкөнүн жергиликтүү эмес калкынын басымдуу бөлүгү ошол иммигранттар жана алардын балдары, неберелери болуп эсептелет. Ошондуктан республиканын калкынын курамынын жана санынын өзгөрүшүн миграциялык кыймылдар чагылдырып турат. Калктын көпчүлүк бөлүгү бир катар экономикалык, социалдык же профессионалдык иш-аракеттерине байланыштуу кыймылдуу келет. Кыргыз Республикасында миграциялык процесстер өзүнүн демографиялык жана экономикалык натыйжалары боюнча чоң мааниге ээ. Азыркы убактагы миграцияны өткөн убактагы миграция менен салыштырууга болбойт, себеби азыр транспорттук система өзгөрдү, информациялык технология өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткендигине байланыштуу мигранттар бара турган жери тууралуу жеткиликтүү информацияны кыска убакытта эле ала алат. Республика эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап, өлкөдө миграциялык агымдын структурасы өзгөрдү. Мурда республикага көчүп келүүлөр басымдуулук кылса, эми тескерисинче көчүп кеткендердин саны өскөн.

Кыргызстандын өткөн тарыхына кайрылып, калктын санынын өсүшүнө миграциялык процесстердин тийгизген таасирин карап көрөлү. 1913-1926-жылдарда, статистикалык материалдар боюнча, калктын өсүү темпи жыйырманчы кылымдын баардык убактысы боюнча эң төмөн болгон (бир жылда 1,1%) [1, 288-б]. Падышачылыктын акыркы жылдарында Кыргызстандын түндүгүнө караганда түштүгү экономикалык жактан өнүккөн деп эсептелген, себеби темир жол байланышы, геологиялык чалгындоолор, пахта өндүрүү менен байланышкан өнөр жай ишканалары Фергана өрөөнүндө жайгашкан, бирок Россиядан көчүп келгендер көбүнчө Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көл аймагында отурукташкан. Ал эми калктын өсүү темпинин төмөн болушу 1916-жылдагы кайгылуу окуялар менен байланыштуу, башкача айтканда падышачылык бийликке каршы көчмөн кыргыз элинин көтөрүлүшү, ачарчылык, Кытайга массалык түрдө качуулар. Окумуштуу-тарыхчылардын изилдөөлөрү боюнча ушул улуттук-боштондук күрөштүн убагында өлкөнүн баардык калкынын 50%га жакыны, ал эми Нарын жана Ысык-Көл облустарында калктын дээрлик 70%га жакыны кырылып калган. Ошондуктан, Кыргызстандын жергиликтүү калкынын саны 1917-жылы 1916-жыл менен салыштырганда 174 миң адамга кыскарган [1,289-б]. Демографиялык прогноздорго ылайык, ушундай тарыхый фактылар болбогондо, калктын мурдагы саны сакталып калганда, азыркы күндө Кыргызстандын калкынын саны 9 миллиондон ашык болмок.

Ал эми 1926-жылдан 1939-жылга чейинки убакыт республикада демографиялык жогорку өсүштүн мезгили (калктын жылдык орточо өсүү темпи 3,2%) жана өлкөнүн тарыхында урбанизациянын эң жогорку темпи (6,8%) болгон. Бул өсүш – калктын табигый өсүшүнөн тышкары ошол жылдарда республиканын өнөр жайын жана билим берүү тармагын өнүктүрүш үчүн СССРдин Европа бөлүгүнөн тартылган адистердин эсебинен болгон. 1930-1031-жылдарда калктын санынын жогорку өсүшү Казакстандан келген иммигранттардын эсебинен болгон, ал жакта коллективдештирүү каардуу мүнөздө болуп, ачарчылык менен коштолгон, андан тышкары Советтер Союзунун башка аймактарынан дагы көчүп келишкен. Улуттук статистика комитетинин архивдик материалдарына ылайык 1928-жылдан 1932-жылга чейин ар бир жылда калктын өсүшү жогору болгон (1928-жылы 3,5%, 1930-жылы 6,5% жана 1931-жылы 8,9%), ал эми 1933-жылдан 1938-жылга чейин калктын өсүү темпи азайгандыгы байкалат (бир жылдын ичинде орточо 1,8%), себеби казактар Казакстанга кайта баштаган. Тарыхый көз караш менен алганда 1930-жылдар Кыргызстандын социалдык, экономикалык жана маданий турмушунда бурулуш жылдар болгон, айыл чарбасындагы коллективдештирүү, көчмөн

кыргыз элинин отурукташып жашоого өтүшү көптөгөн айыл-кыштактардын пайда болушуна алып келди, андан тышкары ушул мезгилде калктын жалпы санынан тышкары кээ бир этникалык топтордун санынын өзгөрүшү байкалган.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жана андан кийинки алгачкы убакта калктын көп кыймылдуу болушуна байланыштуу демографиялык динамикада көп өзгөрүүлөр болгон. Согуштун алгачкы жылдарында Кыргызстанда калктын саны тез өсө баштаган, бул өсүш Советтер Союзунун Европа бөлүгүнөн, Орто Азияга, анын ичинде Кыргызстанга оккупация болгон аймактардан көчүрүлүп келген заводдор менен бирге эвакуацияланган 2 миллионго жакын элдин эсебинен болгон. 1941-жылдын башында Кыргызстандын калкынын саны 1 миллион 588 миң адам болсо, 1946-жылдын башында 1 миллион 458 миң адам болуп кыскарган [2, 1-б]. 1941-1942-жылдарда Украина, Россия, Белорусиянын убактылуу оккупация болгон аймактарынан 30дан ашык завод-фабрикалар көчүрүлүп келип, негизинен Чүй облусунда жана Бишкекте жайгашып, аскердик өндүрүшкө багыт алган, ушул эле жылдарда Кыргызстанга немецтер күч менен көчүрүлүп келген, ал эми согуштун акыркы жылдарында Кавказдан көптөгөн элдер депортацияланган. Кыргызстандан Советтик Армиянын катарына 360 миңден ашык адам же республиканын ар бир төртүнчү жашоочусу чакырылган. 30 миңден ашык кыргызстандыктар республиканын чегинен тышкары аскердик өнөр жай ишканаларына жумушка тартылган. Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы жылдарында Советтер Союзунун Европа бөлүгүнөн көчүрүлүп келген заводдор менен кошо 2 миллиондон ашык адамдын эвакуацияланып келишине байланыштуу Кыргызстандын калкы тез өскөн. Бирок 1942-1943-жылдарда эркектердин саны кескин кыскарган. Согуштан кийинки алгачкы жылдарда калктын өсүшү бирдей болгон эмес, себеби согуш жылдарында эвакуацияланып келген адамдардын көпчүлүгү өздөрүнүн туулуп өскөн жерине кайта баштаган, ошондуктан кээ бир жылдарда миграциялык сальдо терс белгиге ээ болгон. 1950-жылдардан баштап республикада туруктуу экономикалык өсүш айыл чарба өндүрүшүнүн интенсификациясы, өнөр жайда структуралык өзгөрүүлөр, башкача айтканда, тоо-кен тармагынын өнүгүшү менен коштолгон. Ушул жылдарда түштүк региондун, түндүктөгү тоолуу райондордун жана Чүй өрөөнүндө калктын динамикалык көрсөткүчтөрү теңделе баштаган.

Ал эми 1960-1970-жылдарда миграциялык агымдын тенденциясы өзгөргөндүгүнө байланыштуу Кыргызстандын тарыхында калктын өсүшү жогорулай баштаган (бир жылда 3,2%). Бул Советтер Союзунун башка республикаларынан келген миграциялык өсүшкө байланыштуу. Ушул он жылда миграциялык сальдо 150 миң адамды түзгөн, же ар бир жылда калк 15 миң адамга көбөйгөн [3, 27-б]. Калктын санынын динамикасынын оң белгиси айыл жеринде да, шаарларда да байкалган. 1960-жылдар республикада экономикалык жана социалдык тез өнүгүү мезгили болгон. Өнөр жай тармактары, айрыкча, машина куруу, тамак-аш, курулуш өнөр жайлары өнүккөн, жол тармактары жакшырган, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарында курорт, ооруканалар, санаторийлер иштеп, эс алуу жана ден соолукту чыңдоо өзгөчө статуска ээ боло баштаган, айыл чарбасында механизация иштери жолго коюлуп, айыл жергесинин экономикалык абалы жакшырган. Медициналык тейлөө мекемелери жана мектептердин саны өскөн. Калктын санынын тез өсүшү өзгөчө совет бийлигинин соңку отуз жылына туура келген. Алсак, 1959-жылдагы Бүткүл союздук эл каттоонун жыйынтыгы боюнча Кыргыз ССРинде 2,1 млн адам жашаган. 1991-жылы болсо республиканын калкы 4,4 млн адамга жеткен, тагыраак айтканда, бул мезгилде калктын саны эки эсеге өскөн. Кыргызстандын калкы демографиялык жактан КМШ

өлкөлөрүнөн калкынын табигый өсүшүнүн (бир жылда төрөлгөндөр менен өлгөндөрдүн ортосундагы айырма) жогорку темпте экендиги менен өзгөчөлөнгөн. Натыйжада 1990-жылдардын биринчи жарымында эмиграциянын деңгээли өтө жогору болуп, 150 миңден ашык адам көчүп кетсе да республиканын калкы сан жагынан өскөн. 1999-жылдагы эл каттоо боюнча Кыргызстандын калкы 4,8 млн адамды түзгөн. Бул негизинен калктын табигый өсүшүнүн натыйжасында камсыз болгон. Алсак, 1990-жылы 1000 кишиге 29,1 бала төрөлгөн. 1993-жылы бул көрсөткүч 26,1, 1998-жылы 22 болгон. Жалпысынан алганда республика боюнча төрөлгөндөрдүн саны бир аз кыскарган. Бул 1990-жылдардагы экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарга байланыштуу. 1960-1970-жылдар миграциялык сальдо Кыргызстандын пайдасына чечилген акыркы жылдар болгон. Шаарларда калктын саны миграциялык өсүш менен шартталса, айылдын калкынын өсүшү табигый өсүш менен байланыштуу. 1970-жылдардан баштап миграциялык кетүүлөр басымдуулук кылган, мурда келгендердин кээ бирлери Сибирь жана Ыраакы Чыгыштагы ири курулуштарга кете баштаган. Ушул жылдардагы миграциялык көчүп кетүүлөр, кийинки 1980-жылдары дагы уланган, айрыкча Кыргыз Республикасы 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, өз алдынча өнүгүү жылдарында өлкөнүн экономикасында жана социалдык чөйрөдө олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Республикада 1990-жылдарда орун алган терс өзгөрүүлөрдү камтыган реформалардын жүрүшүндө, демографиялык чөйрөдө, анын ичинде, калктын санында, түзүлүшүндө, төрөлүшүндө, өмүрүнүн узактыгында жана калктын миграциясында да өзгөрүүлөр катталган.

Ушул жылдарда республикадагы жарандардын башка өлкөлөргө массалык түрдө чыгып кетүү кыймылдары күч алган. Ал кездеги республиканын эмигранттарынын басымдуу бөлүгү орус тилдүү калк болгон жана алыскы чет өлкөлөргө кетишкен, ошондуктан өлкөнүн калкында башка улуттун өкүлдөрүнүн саны азайып кеткен. Биринчи улуттук эл каттоонун жыйынтыгы боюнча, 1999-жылы Кыргызстанда жашагандардын 397,5 миң адам башка улуттун өкүлдөрү болсо, 2009-жылы алардын саны 236,2 миң адамга чейин кыскарган. 1999-2009-жылдарда КМШдан тышкаркы өлкөлөргө 19,5 миң кыргызстандыктар чыгып кеткен, анын ичинде 14,9 миң – Германияга, 2 миң – АКШга, 1,3 миң – Израилге кетишкен [4, 77-б].

Орус тилдүү калктын көчүп кетишинин себептери болуп, СССРдин ажырашынан тышкары экономиканын төмөндөшү, өнөр жай ишканаларынын, агрардык чарбанын төмөндөшү эсептелет. Миграциялык кетүүлөрдүн эң жогорку чеги 1993-жылга туура келип, республикадан 144 миң адам көчүп кеткен. Баардыгы болуп 1989-1996-жылдарда республикага туруктуу жашаганга 226,3 миң адам көчүп келсе, ал эми республикадан чыгып кеткендердин саны 598,9 миң адам болуп, миграциялык төмөндөө -381 миң адамды түзгөн, же калктын 9% болчу [3]. 1990-жылдардын экинчи жарымында, статистикалык маалыматтар боюнча республикадан кетүүлөр азайган, бирок 1999-жылдан баштап кайрадан миграциялык чыгып кетүүлөр көбөйгөн, буга себеп экономикалык кризистен тышкары Тажикстандан Баткен районуна куралчан топтордун кирип келиши түрткү болгон [5, 9-б].

Ушуга байланыштуу өлкөдө 1990-жылдардын башынан баштап терс миграциялык баланс түзүлүп, ал 2000-жылдарда да уланган. Ал миграциялык кемүүлөр негизинен калктын табигый өсүшүнүн эсебинен жабылган, ошол жылдардан баштап Кыргызстандын миграциялык өнөктөштөрү болуп негизинен Россия, Казахстан жана Өзбекстан болуп калды. Бул үч мамлекетке республикадан кеткендердин 80% га жакыны туура келет. Бирок республиканын региондору боюнча, миграциялык процесстердин калктын санынын жана курамынын өзгөрүшүнө тийгизген таасири

бирдей эмес. Алсак, Бишкек шаары жана Чүй облусу облустар аралык миграциянын натыйжасында оң балանска ээ болсо, калган баардык облустардын миграциялык балансы терс мааниге ээ. Азыркы убакта тышкы эмгек миграциясы өлкөнүн экономикасына жана калктын социалдык-экономикалык абалынын жакшырышына өбөлгө түзүп жаткандыгына карабастан анын терс жактары дагы бар, себеби эмгек мигранттарынын басымдуу бөлүгү жаш курактагы адамдар болгондуктан, ал калктын табигый өсүшүнө дагы таасир тийгизет.

Республиканын калкы негизинен, кыргыз (69,2 пайыз), өзбек (14,5 пайыз), орус (8,7 пайыз) жана башка улуттардан (7,6 пайыз) турат [6]. 1990-жылдары башталып, азыркыга чейин уланып жаткан алгач убактылуу жашаган калктын, андан кийин туруктуу калктын көбүнчө экономикалык себептерге байланыштуу өлкөдөн сырткары чыгууларынан жана терс багыттагы миграциялык баланстын күчөшүнөн улам, Кыргызстандыктардын саны 1989-2007-жылдар ичинде 1,23 эсеге көбөйгөн [7, 2-б].

Экономика жай өнүгүп жана кирешелүүлүк деңгээли төмөн болуп жаткан учурда калктын өсүшүнүн жайлашы жана миграциялык агымдын тышка карай турукташуусу, республиканын экономикалык абалына сыяктуу эле, анын коопсуздугуна да потенциалдуу коркунуч алып келе турган факторлордон болуп саналат. БУУнун 2010-2015-жылдарга карата узак мөөнөткө каралган алдын ала маалымат боюнча Кыргызстандын калкынын орточо жылдык өсүш арымы жылына 1,0 пайызга, ал эми 2020-2025-жылдарга карата – болжол менен жылына 0,6 пайызга кыскаруусу мүмкүн [6, 2-б]. Утурумдук өсүштүн төмөндөөсү жана калктын орточо жылдык өсүшүнүн андан ары кыскаруусу боюнча мындай тенденция, калктын санын жөнгө сала турган саясат чараларын кабыл алууну талап кылат. Республикадагы экономикалык жана социалдык өнүгүү темпинин алсыздыгынан миграциялык көчүп кетүүлөрдүн санын так эсептөөгө мүмкүнчүлүк аз. Болжолдуу эсептөөлөр боюнча, өлкөдө экономикалык абал туруксуз учурда агылып чыгуулар жылына 50,0-100,0 миң киши, ал эми туруктуу социалдык-экономикалык жагдайда агылып чыгуулар жылына 37,9-38,1 миң кишиге чейин кыскаруусу мүмкүн [7, 3-б]. Адам баласынын төрөлүшү, айрыкча төрөлүүнүн чың болуусу, өлүмгө дуушар болуусун төмөндөтүү жана калктын дени сак болушу үчүн ушул көрсөткүчтөрдү оптимизациялоого багытталган мамлекеттик демографиялык саясат болуусу зарыл.

Республикада калктын ички миграциясы областтар аралык жана областтардын ичиндеги миграция деп бөлүнөт, бул ички миграция сыяктуу эле, тышкы миграция да өлкө калкынын демографиялык өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Калктын түзүмүндөгү олуттуу өзгөрүүлөр миграциялык орун которуштурууларга да шартталган.

Кыргызстанда 1990-жылдардын башында терс миграциялык баланс башталып, ал 2000-жылдардын башталышында да уланган. Мындай терс баланс негизинен, калктын табигый өсүшүнүн эсебинен жабылган.

Мындан тышкары, миграциялангандардын түзүмүндөгү жогорку билимдүү, бүткөрүлбөгөн жогорку жана атайын орто билимге ээ эл алардын жалпы санынан 48,8 пайызды, ал эми орто билими барларды да эске алганда 7 пайызды түзөт. Мындай категориядагы калктын өлкөдөн сырткары кетиши, республиканын экономикасына кыйла эле кедергисин тийгизет, башкача айтканда бул, илимий, интеллектулдык, техникалык жана жумушчу күчтөрүн жоготуу дегенди билдирет. Мигранттардын дээрлик 80 пайызын эмгекке жөндөмдүү калк түзөт, алардын басымдуу бөлүгү (50 пайыздан көбүрөөгү) эркектер.

Ошону менен бирге эле, акыркы учурларда өлкөдөн чыгып кетүүчүлөрдүн түзүмү өзгөргөн. Улуттук курам боюнча 1990-жылдардын башталышындагы миграция моноэтникалык болгон – көбүнчө орустар жана орус тилдүү калк өлкөдөн сырткары чыккан. Ал эми 2000-жылдардан тартып, мигранттардын этникалык түзүмүнүн өзгөргөндүгү, башкача айтканда, алардын катарына кирген кыргыздардын улушү көбөйө баштаган, бул калктын жогорку деңгээлдеги жашоого умтулуусуна жана жашаган аймакта орун алган жакырчылыкка шартталган [7, 4-б].

Өлкөбүз демографиялык абалдын чыңдалышына гана эмес, калктын туруктуу өсүшү үчүн зарыл шарттардын түзүлүшүнө да муктаж болууда. Мында, олуттуу геосаясаттык аймактарда калктын санын сактоого багытталган аймактык экономикалык активдүү саясатты жүргүзүү – маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Республиканын аймактары боюнча калкты активдүү жайгаштырууга, республикада бардык аймактардын ортосунда транспорт түйүнүн (автожолдорду, темир жолдорду, аэропортторду жана аба жолдорун) түзүү кызмат кылуусу мүмкүн.

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Население Кыргызстана. Под ред. З. Кудабаева, НСК КР. – Б., 2004.
2. Кыргызстан в Великой Отечественной войне: цифры и факты (НСК КР). Дата публикации: 04.05.2017
3. Алиев К.А. Воспроизводство и занятость населения. – Б., 2008
4. Население Кыргызстана в начале XXI века. Под редакцией М.Б. Денисенко. – Б., 2011.
5. Миграция в современном Кыргызстане. – Б., 2011
6. Кыргызстан сандарда. – Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитети. – Б., 2008.
7. Дөөлөталиев Ч.С. Кыргыз Республикасындагы 2002-2006-жылдар аралыгында түптөлгөн демографиялык жагдайга баяндама. https://www.nbkr.kg


***Рецензент: Солпуева Д.Т.*** *– география илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти*